**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**
**ЫЛАЙ-ТАЛАА**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезектеги I сессиясынын жыйынынын

# Т О К Т О М У

2024-жылдын 28 - марты, № 1/8.2 Ылай-Талаа айылы.

## Ылай-Талаа айыл аймагына караштуу Сай айылындагы таза суу скважинасын Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Суу ресурстары кызматынын карамагына өткөрүп берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 1-главасынын 18-беренесинин 1.1-пунктун, 2-главасынын 28-беренесиндеги 1 - "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жергиликтүү маанидеги айрым маселелерди аткарууну берилип жаткан жергиликтүү маанидеги маселелердин аткарылышынын каражаттарын же каржылоо булактарын бир убакта аныктоо жана берүү менен юридикалык жана жеке жактарга өткөрүп берүү жөнүндөгү" пунктун жетекчиликке алып Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагына караштуу Сай айылындагы таза суу скважинасын мамлекеттик менчикке алып, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Суу ресурстары кызматынын карамагына өткөрүп берүү жагы Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунан суралсын.

2. Тиешелүү документтерди даярдап ишке ашыруу жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Эргешбаевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин агрардык, азык-түлүк, айыл жана суу чарбасы, жерге жайгаштыруу, жер жана жер ресурстары, экология жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Кадыркулов**